УДК 101.1

Сариева К., Искендерова Ж. И. /КЫРГЫЗСТАН/
Sarieva K., Iskenderova Zh. I. /KYRGYZSTAN/

# СОЦИАЛДЫК СИСТЕМАНЫН ДИАЛЕКТИКАСЫНДА РИТОРИКА МЕНЕН ФИЛОСОФИЯНЫН КАТЫШЫ

# ВЗАИМОСВЯЗЬ РИТОРИКИ И ФИЛОСОФИИ В ДИАЛЕКТИКЕ ОБЩЕСТВЕННОЙ СИСТЕМЫ

# THE RELATIONSHIP OF RHETORIC AND PHILOSOPHY IN THE DIALECTIC OF THE SOCIAL SYSTEM

**Аннотация.** Статьяда социалдык системада байыркы замандардан бери тарта башкаруу менен сөз өнөрүнүн диалектикасынын тарыхый синопсиси берилет. Адамзат коомунда сөз сүйлөө өнөрүнүн орду, мааниси, өнүгүшүнүн жүрүшү серептелип, маданияттагы риторика менен философиянын катышы жөнүндө сөз болот. Ораторлордун тарыхтагы орду, мактоо жана айыптоонун социалдык мааниси ачылат. Тарыхта аты калган сөз чеберлеринин өнөрдөгү өзгөчөлүгү белгиленет. Эгемендүү кыргыз мамлекетинин калыптанышында сөз өнөрүнүн мааниси, формалары жана азыркы учурдагы абалы жөнүндө кыскача баяндалат.

**Негизги сөздөр:** социалдык система, сөз өнөрү, риторика, оратор, философия, мактоо, айыптоо, бийлик, эркин сөз, маалымат каражаттары.

**Аннотация.** В статье дается исторический обзор диалектики управления и риторики в общественной системе с древнейших времен. Анализируются место, значение и развитие риторики в человеческом обществе, а также обсуждается взаимосвязь риторики и философии в культуре. Подчеркивается место ораторов в истории, социальное значение похвалы и осуждения, а также художественные достоинства ораторов, оставивших свой след в истории. Дается краткая характеристика значения, форм и современного состояния искусства речи в становлении независимого кыргызского государства.

**Ключевые слова:** социальная система, искусство речи, риторика, оратор, философия, похвала, порицание, власть, свобода слова, СМИ.

**Abstract.** The article provides a historical overview of the dialectic of governance and rhetoric in the social system since ancient times. The place, meaning and development of rhetoric in human society are analyzed, and the relationship between rhetoric and philosophy in culture is discussed. The place of orators in history, the social significance of praise and condemnation, and the artistic merits of orators who have left their mark on history are emphasized. A brief description of the meaning, forms and current state of the art of speech in the formation of the independent Kyrgyz state is given.

**Key words:** social system, art of speech, rhetoric, orator, philosophy, praise, blame, power, freedom of speech, media.

"Өнөр алды - кызыл тил" деп айтат элибизде. Кыргыз - байыртан бери сөздү баалап, ага маани берген, сөз жакшысын казынасына катып, сөз баккан кишини ардактап, сөзгө сынып жазык тартуудан, уятка калуудан сактана билген эл. Сөз, сөз чебери деги эле бардык маданияттардын башатында турган. "Баарынан мурда сөз болгон" деп христиандардын ыйык китебинде. Батыш маданиятынын башаты деп таанылган антика маданиятында чечендик, тил өнөрү болуп көрбөгөндөй мааниге ээ болгонуна, рим адабиятын биздин доорго чейинки бүтүндөй бир кылымы Цицерондук мезгил деп, улуу ораторудун ысымы менен белгиленип жүргөнү далил. Греция менен Римдин бүткүл маданияты жазууга эмес, оозеки чыгармачылыкка негизделгендиктен тарыхый чыгармалар, атүгүл философиялык трактаттар, илимий изилдөөлөр үн чыгарып

окуу үчүн жазылган. Деги эле антика окурмандары "ичинен окуу" дегенди билген эмес деген божомолдор айтылат, жеке өзү окуп жатканда деле үн чыгарып окуп, сөздүн угулушунан ырахат алышкан [3.7]. Андыктан байыркы мезгилдин көркөм сүйлөгөн сөз чеберлери: Клеон, Ферамен, Фемистокль, Перикль, Демосфен, Цицерон, Антифонт, Исократ, Фукидид, Лисий, Ксенофонт сыяктуу атактуу ораторлордун ысмы азыркыга чейин унутулбай, чебер сөз өнөрүнүн башатында тургандыгы баяндалат.

Оратордук бардык маданияттарда бааланган. Алгачкы китептер кол жазма түрдө пайда болуп, аз санда болгондуктан, аны колдонуучулар жаттап алып, оозеки айтууга туура келген. Поэтикалык же прозалык болсун чыгармалар жазуу түрүндө эмес оозеки түрдө жайылтылып, алардын эң сонундары элдин эсинде узакка сакталган. Антикада үн чыгарып айтылбастан, жазуу жүзүндө гана басылып чыккан памфлет сыяктуу сөз деле оозеки сүйлөөнүн стилинин жана жанрынын белгилерин сактап калган.

Антика мамлекетинин коомдук турмушунда сөзгө чебердик кийин соңундагы мезгилдерде болуп көрбөгөндөй маанилүү роль ойногон. Байыркылар иштелип чыккан башкаруу системаны билген эмес, бийлик сенатка кирген башкаруучу сословиянын гана мүчөлөрүнө таандык болгон менен элдик чогулуштун аянтында топураган атуулдарга кайрылган жакшы оратордун жүйөлүү, маани маңызы даана айтылган бир сөзү мамлекеттик саясатка чечүүчү таасир эткен. Коомдук турмушта сенаттагы сүйлөнгөн сөз сыяктуу эле, элдик чогулуштагы "кеңеш берүүчү" "салттанаттуу" жана "соттоочу" (антика терминологиясы) добуш маанилүү роль ойногон. Салтанаттуу сөз майрамдарда же көбүнчө саясий программаларды декларациялоодо сүйлөнчү, а соттоочу сөз саясий каршылашты беделин түшүрүү үчүн, анын бийликти ашкере пайдаланганын айыптаганда, же жекече терс сапатын ашкерелегенде айтылган.

Антика маданиятында сөз өнөрүнүн өнүгүшүнө демократиялык түзүлүш кеңири мүмкүнчүлүк ачкан. Андыктан көркөм сүйлөөнүн гүлдөп турган эки мезгили кул ээлөөчүлүк демократиянын өнүккөн эки мезгилине: б.з.ч. V-IV кылымдарда Грецияда Афинадагы Периклден Демосфенге чейинки, Римде б.з.ч. I кылымдагы Цицерондук мезгилге туш келет.

Цицерон өз эмгектеринде Афиналык демократия атагы таш жарган ораторлодун тобун бергендигин өзгөчө урмат менен эске алат. Анда өлбөс-өчпөс өнөр ээлери болгон: Афиналык күч-кубаттын негиздөөчү Фемистокль, сөзү чагылгандай жана күндүн күркүрөгүндөй Перикль, эл арасынан чыккан жарчы Клеон жана аристократиянын идеологу Ферамендин сөздөрү жазылып калбаган менен, Фукидид жазган "Тарыхта" алардын оратордук сөздөрүнүн коомго таасири, аттика тарыхындагы орду көрсөтүлөт. Өзүнүн сөздөрүн жазып калтырган биринчи оратор Ферамендин замандашы Антипонт болгон.

Ал эми экинчи топко сөзү жазма эстеликтерден табылган ораторлор: жөнөкөй тил менен көркөм сүйлөөнүн үлгүсү болгон Лисий, "чечен сөздүн" атасы деп аталган, эл алдында эч жерде чыгып сүйлөбөсө да көп жазмаларын калтырып, көптөгөн таланттуу шакирттерин даярдаган Исократ, Грецияга каршы күрөштө македониялык партиядан чыккан Сфеттик Эсхин жана заар тилдүү Демад, гректердин Демосфени баш болгон антимакедондук партиядан чыккан курч тилдүү Ликург, кылдат Гипериддин сөздөрү демократиянын өнүгүшүндө сөздүн күчү канчалык дем берген сүрөөнчү жана жетектөөчү роль ойногонун көрсөтөт. Булардын ичинен Демосфендин сөзү аттика көркөм сөзүнүн туу чокусу деп таанылган. Цицерон анын сөзүн тилдин жеткен жери деп баалаcа, Квинтилиан аны сөздүн мыйзам чыгаруучусу деп атаган. Анын чечендиктин бийиктигине карай жебедей атып чыгуусу көркөм прозанын башка жанрларынын өнүгүшүн да ыкчамдатып, байыткан. Геродоттун тарыхты эпикалык–салмактуу баяндоосунда көркөм сөздүүлүктүн элементи байкалбаган менен, грек таарыкчысы Фукидид, өзүн оратор Антифонттун шакирти деп эсептеген. Ксенофонт жөнөкөйлүк менен көркөм сүйлөө жагынан Лисийдин жолун жолдогон. Тарыхчылар Эфор менен Феопомп Исократтын риторикалык жазмаларына ылайык тарыхый материалдарды иштеп чыгышкан. Грек философиясын систамалаштыруучу экинин бири, улуу философ Платон сөз өнөрүндө Демосфенге теңдеш

чебер деп таанылган. Экинчиси, анын окуучусу Аристотель кеңири чөйрө үчүн жазган, байыркылар суктанып окушкан, бирок бизге жетпей калган чыгармаларын мүмкүн болушунча окутуучусун туураган [3.9]. дешет.

Ошентип, демократиялык Грецияда саясий көркөм чебер сөздүн баркы-баасынын жогорулашы жана гүлдөп өсүшү менен идеал адамдын образы, "коомдук адам" идеалы түшүнүгүн жаратты. Сөз өнөрү, мамлекетти башкарууну өз колуна ала турган, коомду ээрчите билген мындай образдын күчтүү куралы - түздөн-түз жана маанилүү белгиси көркөм сүйлөй билүү өнөрү болгон.

Демократиялык ой жүгүртүү образы билим жөнүндө ой жүгүртүүнүн негизинде жатып, софисттердин "объективдүү чындык жок, субъективдүү пикирлер гана бар" деген чындыктын салыштырмалуулугу жөнүндө окуусун түптөгөн. Эркин мамлекетте каалаган адам мамлекет жөнүндө өз ой-пикин айтууга жана аны менен эсетешүү талабын коюга укуктуу болгондуктан софист-окутуучулар ынандырууну, "алсыз пикирди күчтүү кылууга" үйрөтүүнү өздөрүнүн башкы милдети деп эсептешкен. Ал үчүн эки каражат: ой жүгүртө билүү өнөрү – диалектика жана ынандырып сүйлөй билүү – риторика, булардын биринчиси - угуучулардын акыл-эсине, экинчиси - сезимине багытталгандыктан, бул эки өнөргө ээ болгон ким болбосун ар кандай каршылашын ынандырып, өз пикиринин утуп чыгышына жетишет, бул мамлекеттик ишке катышкан идеалдуу "коомдук кишинин" максаты дешкен. Ошентип софисттер көркөм, чебер сүйлөөнүн теориясын өнүктүрүшүп, ораторлук ритм, ораторлук лексика маселелерин иштеп чыгышкан. Кенже софисттер Продикт менен Гиппий сөздүн сезимге таасирин изилдешкен. Софисттер баштаган көркөм сүйлөө маданиятынын теориясын иштеп чыгуу Афиндик демократиянын гүлдөп турган мезгилинде көтөрүлүп, аны менен кошо басандады. Кул ээлөөчүлүк коомдун демократиясы эң бир акылдуу "коомдук киши" да коомдук түзүлүштө болгон жетишсиздиктерин жоюуга күчү жетпестигин айкындап, ага же өз практикасына баш ийип, бардык идеалдуу умтулуулардан баш тартуу керектигин, же бардык коомдук ишмердиктен кечип, чыныгы жыргалчылыкты издегендердин тар чөйрөсүндө өзүн-өзү өркүндөтүү керектигин түшүндүрдү. "Коомдук турмуш" идеалы бири-бирин жокко чыгарган "ишмердик жашоо" жана "байкоочу жашоо" түшүнүгүнө ажырады. "Ишмердик жашоонун" идеалы ритор жана саясатчы; "байкоочу жашоонун" идеалы – философ, теоретик жана ойчул эле. Мындан соң антиканын бүткүл рухий жашоосун ушул эки уюл - риторика менен философиянын ортосунда катыш менен аныкталып, бирде булардын ортосунда айыгышкан күрөшү, бирде келишүүсү менен уланып жүрүп отурат. Бирок күрөш бир жактын толук жеңиши менен бүтүшү, же келишүү эки жактын бири-бири менен толук куюлушуп кетиши менен аяктаган эмес.

Сократ философия менен риториканын биримдиги үчүн чакырыкты баштаган. Сократ софисттердин чындыктын салыштырмалуулугу жобосуна каршы туруп, абсолюттук чындык бар, ал ыйык жана адамдардын ой жүгүртүп, талдоосунан тышкары турат, ал бардык нерселердин чени деген деген бүтүмгө келет. Анын натыйжасында риторика пайдасыз, чындык риторикалык ишендирүүсүз эле өз күчтүү, жалган пикир чындыкка каршы тура албайт.

Сократтын бул риториканынын алсыздыгы тууралуу оюн кабыл алып, Платон "Федр" жана "Горгий" диалогдорунда негиздеп жана андан ары өнүктүрөт. "Федрдеги" чыныгы чебер сөздүүлүктүн идалына сын Платон тарабынан "Горгий" диалогунда берилет. Платон угуучуну туура жолго салуу үчүн Сократтын сөзү менен оратор эмне чын, эмне жалганын, эмне адилеттүү эмне адилетсиз экенин оратор өзү билүүгө тийиш, мындай билим философко гана таандык. Мындай билимге ээ болбой, ийгиликке жетем деген оратор-софист публиканын жетегинде калат, силердики чын, силердики туура деген жактама жаңылыштыгы менен, элге пайдасынан көбүрөөк зыян алып келет дейт. Платон сүйлөөнүн мыйзамдарын үйрөтүүчү риториканы илим ордуна да көрбөйт. сүйлөө формасы эч бир жалпы мызамга баш ийбейт, конкреттүү мазмун менен гана аныкталат, бул изилдеп үйрөнүүдөн келип чыкпастан, болгону тажырыйба аркылуу алынган практикалык билим деген. Ал риторика

менен философторго гана таандык, чыныгы билимге гана негизделген, накта чебер сөздүүлүктү карама-каршы коет. Нерселердин маңызын таанып, философ ал жөнүндө туура пикирге келет, адам көңүлүнүн табиятын таануу менен философ өз пикирине угармандарын туура ынатат дейт. Мындай накта чебер сөздүүлүктүн үлгүсүн катары Платон ошол эле “Федрде” сүйүү жөнүндө оратор Лисий менен таймашуусунда шексиз жеңишке жеткен Сократты көрсөтөт.

Платондун мындай соккусу риторика менен философиянын ортосунда каршылаштыктын курчуп турган учурунун көрүнүшү эле. Мындай айыгышкан таймаш риторик Исократ менен философ Аристотелдин бири-бирине жол беришүүсү аркылуу келишүү мезгилине алып келген. Исократ софисттердин окуу системасынын түздөн-түз улантуучусу болсо да, ага түздөн түз өзгөртүү киргизип, бардык билимдерге жармашпай, анын мектеби окуучуларына билимдердин суммасын берүүгө эмес, адамдык маданияттын ачкычын, билимдерди колдонуу өнөрүн үйрөтүүнү максат койгон. Исократ да өзүн философ деп эсептеген, бирок бул сөздү ал Сократ менен Платон түшүнгөндөн башкача түшүнгөн. Ал чындык менен эмес, пикирлер менен иш болгон практикалык турмушта, акыл тааныган философия эң эле ыңгайсыз, ошондуктан ишмердиктин ачкычы Платон Чындык эмес Сөз деп алган. Сократ чебер сүйлөө менен туура ой жүгүртүү ажырагыс дегенге макул, бирок биринчи өнөр экинчисине алып келет, а тескерисинче экинчиси биринчисине эмес деп эсептеген. Чебер сүйлөө менен изгилик ажырагыстыгына макул, бирок изги адам өзүн өркүндөтүү үчүн чебер сүйлөй баштабайт, чебер сүйлөгөн адам өз сөзүнүн беделин жеке бедели менен бекемдей. Мындай ой жүгүртүүдөн чебер тарбиячы максатты гана гана ойлобогон, ага жеткирүүчү жолду ойлогону көрүнүп турат. Андай жол Исократ үчүн риторика болгон. Риторика анын билим берүү системасынын борбору болуп, башка билимдердин элементтери ага даярдык гана болгон. Исократ риторика теориясында софисттик аша чабууларды азайтып, прозалык сөздөн өтө эле кооз поэтикалык элементтерди жана ритмдерди азайтып өркүндөткөн. Сократ сыяктуу эле Аристотель Платондун философиясынын сезип туйган жана акыл жеткен дүйнө ортосунда туң-гуюк койгон, пикир менен билимдин (ал үчүн пикир - билимдин төмөнкү, ага даяр-дык баскычы) ортосун ажырымдаган идеалисттик философиясын кайрадан иштеп чыгып, софисттер менен келишпестиктерин жумшарткан. Ошентип, риториканын илим катары укугун калыбына келтирген. Анын системасында логика билимдердин закондору жөнүндө илим болгондой эле, риторика пикирлердин закону жөнүндө илим болуп эсептелет. Риториканын негизине изгилик жана адилеттүүлүк жөнүндө, логиканын үлгүсүндө далилдөө жөнүндө окууну, этиканын үлгүсүндө кумарды козгоо жөнүндө окууну иштеп чыгуу; сөз сүйлөөнүн стилине коюлган талап айкын түшүндүрүү түшүнүктөрү коюлду. Ошентип, практикалык талаптар менен философиялык жалпылоолорду бириктирген сонун философиялык риторика иштелип чыкты. Аристотель системалаштырган “Риторика” сүйлөө практикасынын эмес, сөздү изилдөөнүн каражаты болуп калуу менен риториканы окутуу практикасына эч таасир этпеди.

Аристотелдин окуучусу, жолун улантуучусу Феофраст “Муун жөнүндө ” (“О слоге”, бизге жетпеген) эмгегинде стиль жана сөздүн айтылышына көңүл буруп, Исократтын практикалык тажырыйбасын, анын мектебинин салтын кеңири пайдаланып, мектептерге риториканын системалаштырылган категориялык аппараттын жана кеңири көрсөтмөлөрүн жазып калтырган. Бул эмгек өзүнөн соңку риторикалык теориялардын өнүгүшүнө күчтүү таасир эткен. Платон, Аристотель, Сократтын осуяттары алардын жолун улоочу окуучуларына өткөнгө чейин Грецияда жаңы доор эллинизм доору башталды. Александр Македонский жеңген Чыгышта грек-македониялык монархия келип чыгып, экономикалык, саясий, маданий турмуштун борбору Чыгышка жылды. Сөз чеберчилигинин эстетикалык идеалдары да өзгөрдү. Сөз чеберчилигине теориялык талаптар күчөтүлдү. Эллинизм доорунун риторикалык жетишкендиги “табуу” (“нахождения”) системасы болуп калды. Эллинисттик риторика мезгилдин духуна ылайык баш оту менен тилдеги

эбегейсиз стилдик кубулуштарды талдоого өттү. Кээде жандуу ораторлук практикадан алыстап, таза теориялык жана эң эле формалисттик жолдорду издеп табуу менен алектенди Сөз айкалыштарын майдалап талдоо (Дионисий Галикарнасский, б.з. I к.) сөздүн мезгилдүүлүгүн жана ритмдүүлүгүн таанытты. Ошол эле эллинисттик риторика, сөздүн сапаты жөнүндө окуудан башталып, стил теориясын (Деметрий, б.з.I к.) жаратты, соңку антика үчүн дагы бир мүнөздүү белги көтөрүңкү (возвышенном) жөнүндө окуунун (Псевдо-Лонгинин трактаты) түзүлгөнү болду.

Ретроспективдүү бул баяндан көрүнүп тургандай байыртан, демократия шартында бир жагынан сөз өнөрү - кубаттуу курал катары, экинчи жагынан коомдук саясий түзүлүш – зарылдык, мүмкүндүк катары диалектикалык тутумдаштыкта болуп, бири-бирине күчтүү таасир көрсөтүп, эриш-аркак өнүгөт. Жогоруда антика доорундагы кул ээлөөчүлүктүн демократиясы шартында бул диалектика, сөз өнөрүнүн өнүгүшүнө кандай ыңгайлуу шарт жана мүмкүндүк түзгөнүн көрсөттүк. Баяныбыздын актуалдуулугу Кыргызстандын эгемендүүлүгү шартындагы демократия менен сөз өнөрүнүн диалектикасын көрсөтө кеткенде гана айкындалмакчы. Кыскача айтканда, Кыргызстанды "демократиянын аралчасы" атантып, чөлкөмдөгү өлкөлөрдөн бөлүп таанытуу - эгемендүүлүк шартындагы демократиянын, андагы сөз эркиндигинин жемиши болду. Ошол эле учурда, эгемендүүлүктүн демократиясы кыргыз тилинин, сөз өнөрүнүн, анын баарыга жетимдүү формасы массалык маалымат каражаттарынын жаңыча өнүгүп-өркүндөөсүнө мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Бардыгы сөз аркылуу башталат. Эгемендүүлүктүн зарылдыгын туюу, элдин өзүн-өзү аңдай баштоосу да эгемендүүлүк алганга чейин, сөздөн башталган. Өткөн кылымдын сексенинчи жылдары кыргыз тилинин тагдыры, анын колдонуу чөйрөсү, анын мектептерде окутулушу кыргыз интеллегенциясын бушайманга салып, Ч.Айтматов баш болгон жазуучуларыбыз басма сөздө тынчсызданууларын жарыялап, жыйындарда айтып баштаган. Эгемендүүлүк алдык. Кыргыз тил коому түзүлдү, мамлекеттик тил мыйзамдары кабыл алынды. Аны ишке ашыруу сөз өнөрүн аркалагандардын үлүшүнө тийди. Антика мезгилинде демократия оозеки өнүгүп, коомго таасири күчтүү жеке инсандарды, ораторлордун тобун таймашка чыгарган болсо, эгемендүүлүк демократиясы массалык медиаы жарышына кеңири жол ачты. Бирок, массалык маалымат каражаттарынын да админстративдик-тоталитардык системанын гана чийген чийининен чыкпай стандарттуу басыкка көнгөн үйрөткүлөрү мындай аламан жарышта артта кала баштады. Анткени алардын стандарттуу формалардан, көнүмүш, супсак фразалуу чопор тилинен, бийликти караан тутуп, ишаратын көзөмөлдөөдөн арыла албай жатышкан. Коомдук-саясий жаңы эгемендүү шарт, эркин кадамдарды, эл менен жакын болуп, элдин демин сезип-туюну талап кылып турган. Массмедиадагы жеке инсандардын, сөз чеберлеринин орду, таасири ушунда көрүндү. Элдин оюн, демин туюнтууда саясий терминдер, түшүнүктөргө толгон саясий, жазма стилден көрө, аны элдин оозеки тили менен жакындатуу саясий элита менен элди бириктирүү зарыл болду. Мындай кадамды чечкиндүү инсан, чыгаан менеджер, жаратман журналист, М.Эшимканов жетектеген "Агым" гезити баштады. Гезиттин ишине чебер сөздүү, коомдук окуяларды сергек талдай билген, саясий процесске ординардуу (К,Жусубалиев, С.Жигитов, Р.Рыскулов сыяктуу) пикирилерди тартты. Ошондой эле изденүүлөр башка басылмаларда да башталды. Алардын бири "Кыргыз руху" гезити сөз менен гана эмес көзгө көрсөтүп, көңүлдү бурдуруу жолун коллаждарды колдонуп баштады. Кул ээлөөчүлүктүн демократиясы ораторлордун плеядасын берсе, Кыргызстанда эгемендүүлүк демократиясы массмедианын араанын жүргүзүп, сөз өнөрүн аркалагандардын ар кайсы тематикадагы лидерлерин топтон бөлүп чыгарды. Эгемендүүлүк демократиясынын саясий публицистикасына К.Мамбеталиев, Т.Эгембердиев дыңын бузуп, алгачкы бороздусалышты. Антика маданиятында эл алдында чыгып сүйлөбөгөн оратор Сократтай болуп, басма беттеринде ысмы жазылбаган ме-нен расмий кызмат адамдарынын

баяндамаларын даярдап, өз үнүн элге тааныткан К.Ибраимов сыяктуулар саясий публицистиканын калыптанышына чоң салым кошту. Ошентип, топтон бөлүнгөн А.Токтомушов, Ш.Дүйшеев, Б.Назаралиев, Б.Сутенова, К. Сыдыкова сыяктуу чыгаан журналисттер, публицисттер, алардын жолун жолдоочулардын мектептери келип чыкты. Алардын өздөрүндөгү табигый дээрдин өркүндөшүнө эгемендүүлүктүн демократиясы түрткү, мүмкүндүк берген. Бүгүнкү күндө булардын ар биринин чыгармачылык жолун өзүнчө изилдеп, талдоого татыктуу. Кыргыз саясатчыларынын арасында мурдагы муундардан И.Раззаковду че-чендигин аңызга айланып келет. Эгемендүүлүктүн шартында Д.Садырбаев, А.Мадумаров, С.Касмамбетов, И.Жунусов, Н. Кадырбеков сыяктуу саясатчылардын ри-торикасын талдоого алып, оош-кыйыштары жөнүндө сөз кылуунун мааниси бар. Соңку мезгилде Кыргыз Республикасында маалымат каражаттарынын саны, ошондой эле формалары (жеке блогерлер) да өзгөрдү. Сөз эркиндиги азыркы доордо жеке инсандын гана эмес бүтүндөй өлкөнүн демократиялуулугунун критерийи болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Аверинцев С. Риторика и истоки европейской культурной традиции. -445 с
2. Античная литература.- М.Просвещение 1980.- 494 с.
3. М.Л.Гаспаров.Цицерон и античная риторика. /Марк Туллий Цицерон. Три трактата об ораторском искусстве. – М.: Наука, 1972.-144 с.
4. История древного мира.-М.: Наука, 1989.- 470 с.
5. Лосев А.Ф. Философия. Мифология. Культура. – М.:Политиздат, 1991. - 525 с.
6. Цицерон Марк Туллий. Три трактата об ораторском искусстве. – М.: Наука, 1972.- 470. с.